КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ӨЗГӨН РАЙОНУ
САЛАМ-АЛИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
УЗГЕНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ САЛАМ-АЛИКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылышынын кезектеги 3-сессиясынын

ТОКТОМУ

2026-жылдын 23-июлундагы №32 Салам-Алик айылы

Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аймагындагы Салам-Алик айылындагы "Жазы" дарыясынын жээгинен балык өстүрүүгө жер аянтын бөлүп берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 90-жана 92-беренелерин жетекчиликке алып, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аймагындагы Ак-Терек айылындагы Сары-Камыш участогунан туризмди өнүктүрүүгө жана балык чарбасын уюштурууга жер аянтын бөлүп берүү жөнүндөгү Ак-Терек айылынын тургуну Мейматкулов Алмазбектин 2026-жылдын 22-июлундагы жазган арызын Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңешинин депутаттары карап талкуулап, Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат**

1.Салам-Алик айыл өкмөтүнө караштуу Ак-Терек айылынын тургуну Мейматкулов Алмазбекке Ак-Терек айылындагы Сары-Камыш участогунан туризмди өнүктүрүүгө жана балык чарбасын уюштурууга 2,0га жер аянтын көп жылдык мөөнөт менен убактылуу бөлүп берүүгө макулдук берилсин.

2.Бул токтомдон келип чыккан иш-аракеттерди камсыз кылуу жагы туризмди өнүктүрүүгө жана балык чарбасын уюштуруу үчүн бөлүнө турган жердин максаттуу багытын аныктап, тиешелүү органдардын корутундусу менен юридикалык документтерди даярдап, Мыйзам талаптарына ылайык келтирүү жагы Салам-Алик айыл өкмөтүнүн жер жана жерге жайгаштыруу боюнча башкы адиси Ж.Нуралиевке тапшырылсын.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл-суу, мал чарба, жер, токой, экология, өнөр жай, курулуш, өзгөчө кырдаал, тоо кен, маалымат, транспорт, байланыш, энергетика тармактары боюнча Салам-Алик айылдык кеңешинин туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **Чолпонбай уулу Сагындык**